**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

«Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомунун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуу жөнүндө

2014-жылдын 12-марты Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Сооронкулова К.С., Макешов Ж.М., Осконбаев Э.Ж., катчы М.Төлөбалдиевдин катышуусунда «Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомунун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т а п т ы:**

2014-жылдын 28-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) «Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомдун директору Ж.Т. Мамашов Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы № 146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участкасын жана турак эмес жайларды мамлекеттештирүү жөнүндө» Декретин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 12-беренесинин талаптарына туура келбейт, жараксыз деп таап берүүнү суранып кайрылган.

Өтүнүч жана ага тиркелген материалдардан келип чыккандай, аукциондук комиссиянын 2008-жылдын 27-майындагы протоколу менен «Айып Булак» ачык коомунун Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан турак эмес жайын жүзөгө ашыруу үчүн өткөрүлгөн ачык аукциондун жеңичүүсү болуп «Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коому таанылган.

2010-жылдын 16-февралында түзүлгөн үч тараптуу (заем алуучу – «Эмгек курулуш» ЖЧК, заем берүүчү – «Салы-Ата» ЖЧК, үчүнчү тарап – «ЭСТ» ЖЧК) өтмө укук тууралуу макулдашуунун негизинде жогоруда аталган турак эмес жайга менчик укугу үчүнчү тарапка өткөн.

Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы № 146 Декрети менен Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан аянты 33198,0 кв.м жер участкасы жана аянты 21986,6 кв.м турак эмес жайлар мамлекеттештирилип, мамлекеттештирилгүүчү мүлк Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик мүлк министрлигинин балансына кабыл алынып, мамлекеттештирилген жер участогуна жеке менчик укугу жөнүндөгү мамлекеттик акты жокко чыгарылган.

Жалал-Абад шаардык сотунун 2012-жылдын 12-октябрындагы чечими менен 2010-жылдын 16-февралында «Эмгек курулуш», «Салы-Ата», «ЭСТ» жоопкерчилиги чектелген коомдорунун ортосунда түзүлгөн үч тараптуу өтмө укук тууралуу макулдашуу жараксыз деп табылган.

Судьялар коллегиясы «Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомдун директору Ж.Т. Мамашовдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья К.С. Сооронкулованын маалыматын угуп, төмөндөгүдөй жыйынтыкка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 24-беренесине ылайык, конституциялык мыйзамдын талаптарына жооп берүүчү өтүнүч таризиндеги

Конституциялык палатага кайрылуу Конституциялык палатада каралуучу иштин себептери болуп эсептелет.

Көрсөтүлгөн материалдардан Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 3-ноябрындагы № 146 «Жалал-Абад шаары, Курманбек көчөсү, 8 дареги боюнча жайгашкан жер участкасын жана турак эмес жайларды мамлекеттештирүү жөнүндө» Декретинин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу каралгандыктан, ишти конституциялык өндүрүштүн чегинде Конституциялык палатада кароого негиз болуп эсептелет.

«Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомдун жетекчиси Ж.Т. Мамашов киргизген өтүнүч «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 18, 20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына формалдуу түрдө ылайык келет.

Жогорудагылардын негизинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2- жана 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. «Эмгек курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомдун директору Ж.Т. Мамашовдун кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Сооронкулова К.С.

Макешов Ж.М.

Осконбаев Э.Ж.